| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
| --- | --- |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү 15-сессиясынын токтому**

2026-жылдын 6-апрели № 153 — Манас айылы

**“Жер участогунун максаттуу багытын которуу туурасында”**

Чоң - Алыш айыл аймагынын айылынын тургуну Өмүралиев Эмил Болотбековичке тийиштүү болгон Манас айылындагы Кутманалиев Сыйырбек көчөсүнүн № 23 дарегинде жайгашкан (6-04-10-1001-1237) жер тилкесин турак жай багытынан коммерциялык багытына которуу максатында (вулканизация) жазылган арызын карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 12-13-24 - беренелерин жетекчиликке алып, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык Кеңешининин IX -чакырылышынын кезектүү 15-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын Манас айылынын тургуну Өмүралиев Эмил Болотбековичке тийиштүү болгон Манас айылындагы Кутманалиев Сыйырбек көчөсүнүн № 23 дарегинде жайгашкан (6-04-10-1001-1237) 1809,67 чарчы метр турак жай куруу багытындагы жер участогунун, 500,0 чарчы метр жер аянтын коммерциялык багытына которууга уруксат берилсин.

2. Курулуш жумуштары архитектура жана курулуш башкармасынан алынган юридикалык иш кагаздарынын жана бекитилген курулуш куруу документеринин негизинде курулуштук нормаларды жана эрежелерди эске алуу менен жүргүзүлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн башчысы Н. Касымовго жүктөлсүн.

**Төрага** — **Т.Бейшеналиев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
| --- | --- |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү 15-сессиясынын токтому**

2026-жылдын 6-апрели № 154 Манас айылы

**"Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин алдындагы Гидрометеорология боюнча агенттигине жер участогун бекитип берүү боюнча"**

Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Гидрометеоролгиялык кызматынын 2026-жылдын 15-апрелиндеги кайрылуусунун жана Талас райондук мамлекеттик администрациясынын 2026-жылдын 20-апрелиндеги кайрылууларындагы Чоң-Алыш айыл аймагынын Чат-Базар айылынын №221-222 чөйрө сызыгындагы Арал дарыясынын суусунун өлчөмүн өлчөй турчу гидрологиялык пост ачуу боюнча кайрылууларды карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 24 – 69-беренелерин жетекчиликке алып, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX -чакырылышынын кезектүү 15-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын Чат-Базар айылынын №221-чөйрө сызыгындагы 0,60 га, №222-чөйрө сызыгындагы 0,10 га жалпы 0,70 га жер тилкеси Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин алдындагы Гидрометеорология боюнча агенттигине мөөнөтсүз (мөөнөтү көрсөтүлбөгөн) пайдаланууга берүүгө макулдук берилсин.

2. Тиешелүү иш кагаздарын берүү жагы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары,кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттиктин Талас филиалынан суралсын.

3. Курулуш жумуштары шаар куруу боюнча ыйгарым укуктуу орган тарабынан алынган юридикалык иш кагаздарынын жана бекитилген курулуш куруу документеринин негизинде курулуштук нормаларды жана эрежелерди эске алуу менен жүргүзүлсүн.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Касымовго жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Бейшеналиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЧОН-АЛЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү 15-сессиясынын токтому**

2026-жылдын 6-апрели № 155 Манас айылы

**Чоң-Алыш айыл аймагынын аксакалдар сотунун курамын бекитүү жөнүндө**

Чоң-Алыш айыл аймагынын аксакалдар сотунун курамын бекитүү боюнча карап талкуулап чыгып, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX -чакырылышынын кезектүү 15-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын аксакалдар сотунун курамы төмөндөгүдөй болуп бекитилсин:

Акматов Кыштакбек- аксакалдар сотунун төрагасы.

Мүчөлөрү:
Каттакожоев Арслан
Сураналиев Баатырбек
Самакова Байыш
Мүзүралиева Айсалкын
Орозалиев Токтор
Токтогазиев Болотбек
Иманбекова Букен
Шатманов Кожомурат.

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Т.Бейшеналиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЧОН-АЛЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү 15-сессиясынын токтому**

2026-жылдын 6-апрели № 156 Манас айылы

**2026-жылга жайыттарды башкаруу жана аларды пайдалануу боюнча планды бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 21-беренесине ылайык, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргы Республикасынын Мыйзамынын 34,39-беренелерин жетекчиликке алып, ошондой эле жерди пайдалануу, архитектура, курулуш унаа жолдор, мал чарбачылык, муниципалдык менчик, мыйзамды сактоо, укук тартиби боюнча туруктуу комиссиянын корутундуларын угуп жана талкуулап чыгып, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX -чакырылышынын кезектүү 15-сессиясы **токтом кылат:**

1. 2026-жылдын Чоң-Алыш айыл аймагынын жайыттарын башкаруу жана аларды пайдалануу боюнча планы тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Чоң-Алыш муниципалдык ишкананын башчысы 2026-жылга Чоң-Алыш айыл аймагынын жайыттарын башкаруу жана аларды пайдалануу боюнча бекитилген планды ишке ашырууну камсыз кылсын.
3. Ушул токтом Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтында жарыялансын.
4. Чоң-Алыш айыл кеңешинин жооптуу катчысы бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү ченемдик укуктук актылар мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Талас облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жерди пайдалануу, архитектура, курулуш унаа жолдор, мал чарбачылыгы, муниципалдык менчик, мыйзамды сактоо, укук тартиби боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Бейшеналиев**

Талас облусунунТалас районуна караштуу
Чоң-Алыш айыл аймагынын жергиликтүү
кеңешинин депутаттарынын 15сессиясында
2026-жылдын " 6 "апрелиндеги 156 токтому
менен бекитилди

# ЖАЙЫТТАРДЫ БАШКАРУУ ЖАНА АЛАРДЫ ПАЙДАЛАНУУ БОЮНЧА 2026 – ЖЫЛГА ПЛАНЫ

**Манас айылы.**

## 1.Айыл өкмөттүн социалдык экономикалык характеристикасы

| № | Көрсөткүчтөр | Единица | Жалпы |
|---|---|---|---|
| 1 | Элдин саны | Киши | 9535 |
| 2 | эркек | | 4967 |
| | аял | | 4568 |
| 3 | Кожолуктун саны | Короо | 1700 |
| 4 | Айыл өкмөттүн жалпы аянты. | га | 45184 |
| 5 | Жалпы жайыт аянты | га | 27485 |
| 6 | Токой чарбадан пайдаланган жайыт | га | 0 |
| 7 | Узак мөөнөттүү пайдалануудагы жайыт | га | 0 |
| 8 | Малдын саны | баш | 4634 |
| 9 | Кой, эчки | баш | 13171 |
| 10 | Жылкы | баш | 1000 |
| 11 | Төө | баш | |
| 12 | ИИМ | баш | 1000 |
| 13 | Топоз | баш | |
| 14 | Жалпы шарттуу баш | баш | |

## 2. Айыл өкмөттүн иштөө графиги

| № | | Иш-Чаралар | Айлар | | | | | | | | | | | | жооптуулар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | |
| 1 | | Жергиликтүү коомдоштуктун чогулушу | | | | | | | | | | | | | Айыл өкмөтү, муниципалдык ишканалар |
| 2 | | а/а малын саноо | | | | | | | | | | | | | Айыл өкмөтү, муниципалдык ишканалар |
| 3 | | Жана башка иш чаралар | | | | | | | | | | | | | Айыл өкмөтү, муниципалдык ишканалар |
| 4 | | | | | | | | | | | | | | | |

## 3. Жайыт пайдалануу сезону

| № | Сезондор | Мал жаюу/колдо багуу мөөнөттөрү | Күндүн саны | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| | Жазгы | 01,04,-31.05. | 61 | Жаз мезгилинен кеч күзгө чейин мал жайытта багылат |
| | Жайкы | 01.06.-31.08. | 92 | |
| | Күзгү | 01.09.-15.11. | 76 | |
| | Кышкы | 16.11.-31.03. | 136 | Кыш мезгилинде мал адатта короодо багылат |

## 4. Жайыттарга мал башынын иш жүзүндөгү саны

| **№** | **Участоктун аталышы** | **Малдын түрү** | **Саны** | **Коэффициенти** | **ШМБ** | **Суткалык талап кылуу күнүнө 7, 5 кг.** | **1 күндүк кургак затка болгон муктаждык күн/(кг)** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | **С** | **Д** | **Е=С*Д** | **F** | **К=Е* F** |
| **1** | | **ИММ** | 1000 | 1,00 | 1000 | 7,5 | 7500 |
| **2** | | **Жаш мал (1жашка чейин)** | | 0,7 | | 7,5 | |
| **3** | | **МММ** | 13171 | 0,2 | 2634 | 7,5 | 19756.6 |
| **4** | | **Жылкы** | 1000 | 1,0 | 1000 | 7,5 | 7500 |
| **5** | | **Жаш жылкы (1 жашка чейин)** | | 0,7 | | 7,5 | |
| **5** | **Баардыгы** | | | | **4634** | | **34755** |
| | **Кургак заттын жылдык керектелиши** | | | | | | **69511.6** |

3171

**Жайыттарды пайдалануунун учурдагы жана пландалган системасы.**

| № | Участкалардын аталышы | Жалпы аянты (га) | Планга чейин (факт) | | | Пландан кийин | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Жайыттын сыйымдуулугу ШМБ сезонго | Жайылуучу мал | | Жайыттын сыйымдуулугу ШМБ сезонго | Жайылуучу мал | |
| | | | | ШМБ | Жүк % | | ШМБ | Жүк % |
| Жаз. Жайыт мезгили | | | 61 күн (01.04-31.05) | | | 46 күн (16.04-31.05) | | |
| 1 | Кара-Чыйырчык Апаш | | | | | | | |
| Жай. Жайыт мезгили | | | 92 күн (01.06-31.08) | | | 92 күн (01.06-31.08) | | |
| 2 | Уч-Чат Терс | | | | | | | |
| 3 | Түз-Ашуу | | | | | | | |
| Күз. Жайыт мезгили | | | 76 күн (01.09-15.11) | | | 76 күн (01.09-15.11) | | |
| 4 | Беш-Булак Көкала-Таш Мандай | | | | | | | |
| Кыш. Жайыт мезгили | | | 136 күн (16.11-31.03) | | | 151 күн (16.11-15.04 | | |
| 5 | Чырканак Үңкүр | | | | | | | |

## 5. Жайыттын пайдалануунун календарлык планы

| № | Жайыт участокторунун аталышы | Жайыт пайдалануучулардын аты жөнү | Шарттуу мал башы | Сыймдуулугу | Мал жаюуу күнү |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | **Жай** | | |
| 1 | Терс | Касымалиев Элчибек | 225 | | |
| 2 | Туз-Ашуу | Алыбаев Мирлан | 374 | | |
| | | | Күз | | |
| 1 | Беш-Булак | Бошкоев Момункул | 60 | | |
| | | | | | |
| | | | Кыш | | |
| 1 | | | | | |
| | | | Жаз | | |
| 1 | Чырканак | Кыдыралиев Камбар | 220 | | |

**БЮДЖЕТ.**

## 6. Жайыттарды мал жаюу жана башка максаттарда пайдалануунун жыйымдары

| Жайыттарга мал жайып пайдалангандык үчүн жыйым | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **№** | **Малдын түрү** | **Саны** | **1 башка, жайыт пайдалангандык үчүн жыйым** | **Жылга, төлөмдүн жалпы суммасы** |
| 1. | ИММ | 1000 | 130 | 130000 |
| 2. | Жылкы | 1000 | 130 | 130000 |
| 3. | Кой-эчки | 13171 | 35 | 460985 |
| 4. | Кой эчки (алыскы Ит-агар) | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 5. | Баардыгы | | | 720985 |
| **Жайыттарды башка максаттарда пайдалангандык үчүн жыйым** | | | | |
| | **Түрү** | **Аянты, га** | **Жыйым, сом/га** | **Жылга, жалпы суммасы** |
| 1 | Туризм | | | - |
| 2 | Дары чөп терүү | | | - |
| 3 | Антена (Нур-Телеком, Альфа-Телеком, Скаймобайл,Терра компания) | | | 0 |
| | | | | |
| | **Баардыгы:** | **Жалпы сумма:** | | |

**11. Киреше бөлүгү**

| № п/п | Көрсөткүчтөр | Суммасы, сом |
|---|---|---|
| 1. | Жайытты мал жаюу максатында пайдалануудан түшкөн кирешелер (_______ШМБ_______сом) | 720985 |
| 2. | Жайытты башка максаттарда пайдалануудан түшкөн кирешелер (____га______сом) | 0 |
| | **Баары** | |
| | Башкалар/долбоорлор | 0 |
| | Башка демөөрчүлөр (АО, элдик салым, ж.б.) | 0 |
| | Каржы резервдик фонду (КРФ) | |
| | **Баары** | |
| | **Жалпы кирешелер** | **720985** |

| **Квартал боюнча пландык кирешелер** | | | |
|---|---|---|---|
| **I** | **II** | **III** | **IV** |
| 180246 | 180246 | 180246 | 180246 |
| | 0 | 0 | 0 |
| | | | |
| 0 | 0 | 0 | 0 |
| 0 | 0 | 0 | 0 |
| | | | |
| | | | |
| **180246** | **180246** | **180246** | **180246** |

| Көрсөткүчтөр | | Финансы булак. Сом. | |
|---|---|---|---|
| | | Башка долборлор | Демөөр чүлөр. |
| Максаттуу чыгымдар | | | |
| Жолдорду реабилитациалоо узундугу 3км | Участоктун аттары. | 0 | 0 |
| жайыт үрөөнүн себүү. 10 га | | | |
| Баары | 0 | | |
| Админстративдик чыгымдар | | | |
| Баардыгы | | | |
| Жайыт боюнча адисти кармоо | | | |
| Эмгек акы (жайыт адиси-2*22723)7ай*45446 | 0 | | 0 |
| Соц фонд. (318122*17,25%=54876 | 0 | | 0 |
| Сапар чыгымдары | 0 | | 0 |
| Атайын техникаларды кармоого | 0 | | 0 |
| Канц товары | 0 | | 0 |
| Башка чыгымдар | 0 | | 0 |
| Баардыгы | 0 | | 0 |

| | Баардык сумма.сом. | Анын ичинде квартал боюнча | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Жергилик түү Бюджет. | | I | II | III | IV |
| | | | | | |
| 278000 | 278000 | | 139000 | 139000 | |
| 0 | 0 | | | 0 | |
| 278000 | 278000 | | 139000 | 139000 | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| 318122 | 79530 | 79530 | 79530 | 79530 | 79530 |
| 54876 | 54876 | 13719 | 13719 | 13719 | 13719 |
| 20000 | 20000 | | 10000 | 10000 | |
| 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| 5000 | 5000 | 1250 | 1250 | 1250 | 1250 |
| 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| 397998 | 397998 | 99499 | 99499 | 99499 | 99499 |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Баардык жыйымдардын жыйынтыгы | 0 | | | | | | | |

**Чыгаша бөлүгү.**

## 12.ЖАЙЫТТАРДЫ ПАЙДАЛАНУУ РЕЖИМИ ЖАНА БУЗУУ ҮЧҮН ЖООПКЕРЧИЛИК

### 1. Ички эрежелери

- **Мал жаюу мөөнөттөрү**
  - Жайыт сезону 15-апрельден башталат (күнү жана айы) 9алыскы жайыт.
  - Жайыт сезону 30-ноябрдан аяктайт.
  - Жайлоолорго көчүрүү 31-майдан 10-июнга чейин .
  - Жайлоолордон көчүп келүү 31-августан 1-ноябрга чейин.
  - 15-апрельден 15-сентябрга чейин жакынкы жайыттар эс алууга калтырылат
- **Жайыт сезонунда колго алып калуугу уруксат берилген малдын саны:**ИММ– 1; ат – 1; кой, эчки –3;
- **Жайыт акы төлөөнүн мөөнөттөрү**

  **Жайыт билети үчүн:**

  50% - 15-апрелден кечиктирилбестен;

  50% - 1-ноябрдан кечиктирилбестен;

  **Жайытты башка максатка пайдаланган учурда:**

  **Эс алууну жана туризмди уюштургандар үчүн -**

  50% - келишим түзүлөөрү менен;

  50% - келишим түзүлгөндөн 3 ай аралыгында;

  Жайыттарды башка максаттарга пайдалануу үчүн жыйым 100% төлөнөт.
- **Жайыт билетинде көрсөтүлгөн малдын саны мал санактын маалыматтарына дал келиши керек;**
- **Малчылар жайыт билетинде көрсөтүлгөн гана участокторго мал жаюга милдеттүү;**

  Баардык жайыт пайдалануучулар, жайытты пайдалануунун жогоруда көрсөтүлгөн режимдерин аткарууга милдеттүү.

  Жогорудагы жайыт режимин бузгандар Кыргыз Республикасынын учурдагы мыйзамдарынын негизинде жоопко тартылышат.

### 2. Мал жаюу эрежелерин бузгандыгы үчүн жоопкерчилик

**Малдары айдоо аянттарына кирген жаныбарлардын ээлерине төмөнкүдөй жаза чаралар колдонулат:**

- Эгерде 1-Апрелден(күнү жана айы) айдоо аянттарына кирген малдарга эскертүү
- Эгерде мал жандыктар айдоо аянтына 1-Майдан кийин кирсе: ИММ үчүн 1 жолу айып пул 2000 сом, 2 жолу штраф 4000 сом, ал эми анда болбой мал жандыктар айдоо аянттарына түшө берсе анда чыгымды төлөө менен жана иш аксакалдар сотуна өткөрүлөт, аксакалдар соту айып

пулдун көлөмүн белгилешет
-Эгерде мыйзам бузуу экинчи жолу кайталанса, төлөмдүн суммасы эки эсеге көбөйөт. Алар мыйзамга ылайык айып пулду төлөөдөн баш тарткандыгы үчүн жоопкерчилик тартышат.
- Айылдык кеңеш жергиликтүү тургундардын малын баккан чабандарга төмөнкүдөй төлөмдү белгилейт:
1 баш ИММга айына 1000 сом, кой-эчкиге 1 башка айына – 150 сом.
- Ар бир жалданма чабан менен 3 тараптуу келишим түзүлөт (АӨ, жайыт пайдалануучу жана чабан). Чабандар тарабынан малдын акысын өзүм билемдик менен көтөргөндүгү үчүн Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине ылайык жоопкерчиликке тартылат.
Малды каттоого көрсөтпөсө жана башка жактан келген мал эсепке кирбесе эки эсе жайыт акы төлөйт. Ошондой эле жайыт билет албай келишим түзбөй, жайытты пайдалагандыгы үчүн укук бузуулардагы колдоонучу штрафтан сырткары ар бир башка эки эсе жайыт акы төлөнөт.

| **Макулдашылды** | **Макулдашылды** | **Макулдашылды** | **Макулдашылды** |
|---|---|---|---|
| **МП “Чоң-Алыш”** | **Чоң-алыш Айыл өкмөтүнүн башчысы** | **ВМЧЖТ РК башчысы** | **РАӨБ башчысы** |
| **Талас району** | **Талас району** | **Талас району** | **Талас району** |
| **Колу аты жөнү** | **Колу аты жөнү** | **Колу жөнү** | **Колу жөнү** |

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЧОН-АЛЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү 15-сессиясынын токтому**

2026-жылдын 6-апрели № 157 Манас айылы

**“Жер участогунун максаттуу багытын которуу тууранында”**

Чоң - Алыш айыл аймагынын Чат-Базар айылынын тургуну Омор кызы Мадинанын Чат-Базар айылындагы Камчыбек Алапаев көчөсүнүн № 2 участогунун түндүк тарабынан 60 чарчы метр жер тилкесине соода сатык жүргүзүү үчүн убактылуу жер бөлүп берүү тууралындагы кайрылуусун карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 12-13-24 - беренелерин жетекчиликке алып, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX -чакырылышынын кезектүү 15-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын Чат-Базар айылынын тургуну Омор кызы Мадинага Чат-Базар айылындагы Камчыбек Алапаев №2 дарегинин түндүк тарабындагы бош жер участогунан 60 чарчы метр жер аянтына соода-сатык жүргүзүү үчүн жеңил конструкция менен соода түйүнүн орнотууга уруксат берилсин.

2. Курулуш жумуштары архитектура жана курулуш башкармасынан алынган юридикалык иш кагаздарынын жана бекитилген курулуш куруу документеринин негизинде курулуштук нормаларды жана эрежелерди эске алуу менен жүргүзүлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Касымовго жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Бейшеналиев**